профессиональных образовательных программах преподавателями, доминируют такие как: подготовка списков литературы, подборка источников по определенной теме, изучение источников, анализ приведенных преподавателем источников, написание рефератов на заданные темы, подготовка к семинарским занятиям, зачетам и экзаменам и даже выполнение домашних контрольных работ.

Сегодня, наряду с традиционными можно использовать новые формы организации самостоятельной работы студентов, такие как: задания на поиск и обработку информации: решение кейсов; подготовка рецензии на сайт по теме; разработка графологической структуры; разработку блок-схемы; написание эссе; формирование информационного блока; ознакомление с профессиональными телеконференциями, анализ обсуждения актуальных проблем и др. Отношение студента и преподавателя к самостоятельной работе, к ее организации и выполнению является серьезной проблемой, возникающей в учреждениях профессионального образования.

Студент и преподаватель должны понять, что самостоятельная работа осуществляется в их интересах. Студент должен осознать, что делает это не для преподавателя, а для себя, для своего будущего, для своей карьеры, для своей успешной жизни. Другими словами, должно измениться самосознание студента, развиться понимание того, что он сам несет ответственность за результат собственного образования. Преподаватель, в свою очередь, должен осознать, что делает вышеупомянутое не только для студента, но и для себя, для облегчения своей работы, для обогащения (через общение с самостоятельными студентами) собственной личности, для своей карьеры, для своей успешной жизни. Одновременно он должен понять, что становится партнером студента в образовательном процессе, способным мотивировать к самостоятельной работе, демонстрировать собственным примером преимущества самостоятельности, показывать в качестве примеров посредством собственных действий владение отраженными в федеральном государственном образовательном стандарте компетенциями (ОК и ПК). демонстрировать новые технологии преподавания, превращая лекции из репродуктивных (сообщения информации) в установочные, проблемные, интерактивные, а затем в аналитические по результатам самостоятельной работы студентов.

Преподаватель должен выдавать индивидуализированные задания по самостоятельной работе студентов, которые реально показывали бы студенту не только что, но и как он должен самостоятельно сделать.Похожая статья: Системно-деятельностный подход к развитию ценностных ориентаций школьников как личностному результату образования в условиях реализации федеральных государственных образовательных стандартов общего образования Такие задания и руководства по их выполнению, должны динамично изменяться; следует постоянно увеличивать долю студенческой самостоятельности при обеспечении того, что он сможет это сделать сам, своевременно формулировать задания по самостоятельной работе студентов с тем, чтобы студент мог, учитывая свои особенности, рационально распределить время на их выполнение. создать условия для студентов по самостоятельной образовательной деятельности по индивидуальному графику и выполнения работы и отчетности за нее с возможностью индивидуальных консультаций.

**Литература:**

1.Гладилина Г.А. Использование информационно-коммуникационных технологий в формировании профессиональных компетенций студентов при организации самостоятельной работы [Электронный ресурс] (http://jdanova-en.narod.ru/obob/gladilina.htm)

2.Михалищева М. А. Организация самостоятельной работы студентов при реализации федеральных государственных образовательных стандартов профессионального образования // Актуальные вопросы современной педагогики: материалы II междунар. науч. конф. (г. Уфа, июль 2012 г.). — Уфа: Лето, 2012.

УДК 373

*Рыспаева Ч. К.*
Аспирант, И. Арабаев атындагы Кыргыз
мамлекеттик университети,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы,
e-mail:cholponram@mail.ru

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЙГӨЙ КАТАРЫ

**Аннотация:** макалада башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясынын өзгөчөлүктөрү каралган. Ошондой эле окумуштуулардын окуу мотивациясына болгон көз караштары чагылдырылган.

**Өзөктүү сөздөр:** мотив, мотивация, окуу мотивациясы, максат.

## УЧЕБНАЯ МОТИВАЦИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ КАК ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА

Аспирант, Кыргызский государственный университет
им. И. Арабаева, Бишкек, Кыргызская Республика,
e-mail:cholponram@mail.ru

**Аннотация:** в статье рассмотрены особенности учебной мотивации младших школьников. Также представлены точки зрения учёных относительно учебной мотивации.

**Ключевые слова:** мотив, мотивация, учебная мотивация, цель.

## EDUCATIONAL MOTIVATION OF YOUNG SCHOOLCHILDREN AS A PSYCHOLOGICAL PEDAGOGICAL PROBLEM

Ryspaeva Ch. K.
Graduate student, Kyrgyz State University n.a. I.Arabaev,
Bishkek, Kyrgyz Republic, e-mail:cholponram@mail.ru

**Abstract:** in the article features of educational motivation of younger school students are considered. Also points of view of scientists about educational motivation are presented.

**Keywords:** motive, motivation, educational motivation, purpose.

Ар бир мугалим анын окуучулары жакшы окушун, кызыгуу менен жана мектепте өз каалоосу менен окушун каалайт. Буга окуучулардын ата энеси да кызыктар. Бирок кай бир кезде мугалимдер дагы, ата-энелер дагы өкүнүү менен:"окугусу келбейт", "мыкты окуса болмок, бирок каалоосу жок "- деп айтууга туура келет. Бул учурларда окуучунун билим алууга керектөөсүнүн калыптанбагандыгы, окууга кызыгуусунун жоктугу менен кездешип келебиз.

Эгерде ал окууга жана билимге көңүл коштук менен мамиле жасаса, кызыгуусуз, ага керектөөсүн түшүнбөй жатса, анда окуучуну ийгиликтүү окута албасын мугалимдер билишет. Андыктан мектептин алдында окуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу максатында баланын окуу ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү мотивациясын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча маселе турат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын өнүктүрүү көйгөйү педагогдордун, окумуштуулардын көп жылдан берки изилдөө предмети болуп эсептелинет. Заманбап мектептер үчүн бул көйгөй азыркы мезгилде актуалдуу болуп калууда. Жыл өткөн сайын социалдык көйгөйлөрдүн курчушунун фонунда балдардын окуу ишмердүүлүгүндө мотивациянын калыптануусу өтө төмөнкү деңгээлде экендиги тууралуу курч суроо турат.

Л.И. Божовичтин теоретикалык эмгегинде баланын инсан катары калыптануусунун мотивациялык чөйрөсүнө негизги басым жасалган. Ушул көз караштан Л. И. Божович тараптан окуу мотивинин эки тобу белгилеген:

- окутуунун кеңири социалдык мотивдери же "баланын башка биреөлөр менен пикир алышуу муктаждыгы, алардын баалоо жана кубаттоосуна канааттануу зарылдыгы, коомдо негизги орунду ээлөө";
- окуу ишмердүүлүгү менен байланышкан мотивдер же "баланын билүүгө кызыгуусу, интеллектуалдык активдүүлүккө жанабилим, билгичтик, ыкмаларгаээболууга муктаждыгы"[1, 23- 24 б.].

Ошондой эле Л.И. Божович мотивацияны мектепке болгон даярдыктын маанилүү компоненти катары белгилейт.

Ал окутуу мотивациясынын эки тобун сунуштайт.

- пикир алышуу муктаждыгы менен байланышкан мотив:
- интеллентуалдык активдүүлүккө муктаж менен байланышкан мотив

Аталган эки топтун мотивдеринин синтези "окуучунун ички көз карашын" калыптандырат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясы окууга коомдук маанилүү иш катары мамиле жасоо жана билимге ээ болууга умтулууну аныктайт.

Бул мотивдердин келип чыгуу себептери – балдардын мектепке баруусу жана көптү билүүгө кызыгуусу менен шартталат. [3].

Окуучунун адам катары коомдогу маанилүү ордун жана коомдо бааланган ишин бала чоңоюунун адекваттуу жолу – ал "чоңоюу жана ал милдеттерди реалдуу иш жүзүнө ашыруу"мотивин калыптанган оюн катары сезет. [4. 57].

Мотивациялык даярдык өзүн өзү баалоо психологиялык сапатын камтыйт.

Мектепке чейинки куракта бала өзүн өзү баалаганды, ийгиликтерин жана кемчиликтерин сезе билиш керек.

Мотив- адам жашоосунун шартынын таасири астында түзүлгөн жана анын активдүүлүгүнүн багытын аныктоочу ишмердүүлүк козгогуч.

Башталгыч класстарда балдарды тарбиялоо жана окутуу билим берүү мүнөздө болуп, балдардын билим менен билгичтиктикке: баланын чоңдор жана өзү курактуу балдар менен пикирлешүү жана окуу процессин уюштуруу эки багытын көздөйт.

Кенже мектеп курагы билүү, окууну калоо үчүн негиз салууга жагымдуу жаш, окумуштуулар адамдын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы 20-30 % га интеллекттен, ал эми 70-80 % - мотивдерден көз каранды деп эсептешет.

Л.Н. Толстой жазган: "Билим эс тутум менен эмес, өзүнүн оюнун күчү менен алынганда гана билим болот ".

Ойдун өз алдынча активдүү иштөөсү адамдын алдында көйгөй, суроо пайда болгондо гана башталат.

Көпчүлүк мугалимдерге: "атты сугарууга алып келүүгө мүмкүн, бирок тоё ичүүгө мажбурлоого болбойт"- деген эски акылман сөз тааныш. Ооба балдарды партага отургузуп идеалдуу тартипке салууга мүмкүн. Бирок кызыкчылыкты ойготмоюн, ички мотивациясы жок билимди өздөштүрүү орун албайт, бул окуу ишмердүүлүгүнүн сырткы көрүнүшү гана болуп калат.


Кантип балдарда билим булагынан "тойгончо ичүү" каалоосун ойготсо болот? Билимдин керектөөчүлүк маңызы эмнеде? Ал кантип пайда болот? Ал кантип өнүгөт? Окуучуларда билим алууга мотивацияны калыптандырыш үчүн кандай педагогикалык каражаттарды колдонсо болот? Бул суроолор педагогикада жана психологияда көптөгөн көйгөйлөрдү жаратууда.

Башталгыч класстардын окуучуларынын окууга болгон мотивациянын деңгээлин аныктоо үчүн биз тараптан Н.Г.Лускановнанын эки бөлүктөн турган методикасы колдонулган:

1. "Мектепте сага эмне жагат?" –деген темадагы балдардын сүрөттөрүнө анализ;
2. 10 суроодон турган анкетадагы балдардын жоопторун анализдөө.

Диаграммада көрүнүп тургандай биринчи класста 3 окуучу төмөнкү мотивацияга ээ. бул жалпы окуучулардын 12% ын түзөт.

1. Анализ ответов учащихся на 10 вопросов анкеты.




Диаграммада көрүнүп тургандай биринчи класста 3 окуучу төмөнкү мотивацияга ээ, бул жалпы куучулардын 12% ын түзөт.

Мындай байкоолор биздин көңүлүбүздү көйгөйгө жана аны чечүүнүн жолдорун издөө үчүн негиз болуп алды. Бүгүнкү күндө биз окуу мотивациясын калыптандыруу – окуу-тарбиялык процессте бирден бир ети...гендик экендигине көзүбүз жетти жана ошондуктан өзгөчө көңүл бурууга арзыйт.

О... мотивациясын өнүктүрүү — бул узак, көп күч коротуучу жана максаттуу процесс. Ар бир сабакта уга..им окуучунун мотивациясына таасир этүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Азыркы мектепте окутуунун оти..ациясын өнүктүрүү технологиясы ийгиликке жетүү мотивациясын өнүктүрүүдөн курулат. Бул технология з ич..не өзгөчө окуу программасын түзүүнү гана камтыбастан, сабакта мугалим менен окуучунун өзгөчө өз ара ракеттенишүү стилин да ичине камтыйт.

**Адабияттар:**

Б..кович Л.И. Проблема развития мотивационной сферы ребенка // Изучение мотивации поведения детей и подростков. Москва. 1972г.
Г..нзбург М.Р. Психологическое содержание личностного самоопределения.//Вопросы психологии, 1994г.
Р..ссийская педагогическая энциклопедия - http://www.otrok.ru.
Э..ьконин Д.Б. Некоторые вопросы диагностики психического развития детей // В кн. Диагностика учебной ...яте..ьности и интеллектуального развития детей. – М.: Педагогика, 1981г.

..ДК 373

***Рыспаева Ч. К.***
Аспирант, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы,
e-mail:cholponram@mail.ru

## ..АШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН МОТИВАЦИЯСЫНЫН ДЕҢГЭЭЛИН ..АЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖАНА ЖОГОРУЛАТУУНУН ЖОЛДОРУ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

Ан..отация: макалада башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясынын деңгээлин калыптандыруу жана ..огорулатуу жолдору чагылдырылган.
Ө..хтүү сөздөр: мотив, мотивация, окуу мотивациясы, максат.

## ПУТИ И СРЕДСТВА ФОРМИРОВАНИЯ И ПОВЫШЕНИЯ УРОВНЯ МОТИВАЦИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

Ан..отация: в статье представлены пути и средства формирования и повышения уровня мотивации младших ..кольников.
Кл..очевые слова: мотив, мотивация, учебная мотивация, цель.

## W..AYS AND MEANS OF FORMING AND INCREASE LEVEL OF MOTIVATION OF YOUNG SCHOOL STUDENTS

**Ryspaeva Ch. K.**
Graduate student, Kyrgyz State University n.a. I.Arabaev,
Bishkek, Kyrgyz Republic, e-mail:cholponram@mail.ru

Ab..tract: The article presents ways and means of forming and raising the level of motivation of younger school students.
Ke..ywords: motive, motivation, educational motivation, purpose.

Мотивацияны калыптандыруу – бул даяр мотивдерди жана максаттарды окуучулардын башына салып ..оу эмес, аны ушундай шарттарга жана абалдарга алып келүү, ал жерден биз каалаган мотивдер жана ..ксаттар окуучунун өзүнүн жекечелик, ички умтулуулары мурдагы тажрыйбасын эске алып жөнгө салынмак ..на өнүкмөк. Окуучулардын мотивациялык чөйрөсүнө багыттуу таасир этүү үчүн мугалим кандай ..нылмаларды жана көнүгүүлөрдү колдоно алат?
..нкреттүү мотивацияларды калыптандыруу этаптарына, сабактын айрым этаптарына токтолобуз.